# Дүйнөнүн саясий картасы



# Кыргыз Республикасы





# Кыргыз билим берүү академиясы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ


*Тарых — заман жарчысы жана жашоо устаты.*

# ТАРЫХты (Дүйнө тарыхы. Кыргызстан тарыхы) ОКУТУУНУН БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

*История — вестник времени и учитель жизни.*

# СЕГОДНЯШНИЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЯ ИСТОРИИ (Мировая история. История Кыргызстана)

15-август, 2023-жыл. Саат 10.40–11.20.




Д а я р д а г а н :

**ЭЛЕБЕСОВА**
**АЙГҮЛ БЕЙШЕНАКУНОВНА,**
педагогика илимдеринин кандидаты.
Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын
жетектөөчү илимий кызматкери

Кыргыз билим берүү академиясы.
Окумуштуу катчы.

Моб.: +996 550 231 803;
+996 777 605 408 (WhatsApp);
+996 500 605 408. E-mail:
aigulbeishenakun@gmail.com



# Теманын актуалдуулугу:

**Тарых** (Дүйнө тарыхы. Кыргызстан тарыхы) предмети боюнча билим берүүнүн максаттарынын жана милдеттеринин актуалдуулугун бүгүнкү күндөгү талаптарга жооп бергидей аныктоону Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында жана «Тарых» боюнча предметтик стандартта көрсөтүлгөн билим жана таалим-тарбия берүүнүн талаптары шарттап турат.




# Теманын актуалдуулугу:

- «2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү концепциясы»;
- «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепция»;
- «2021–2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча 2021–2023-жылдарга карата иш-аракеттер планы»;
- «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы».

Өткөн окуу жылынан баштап өлкөбүздүн бардык мамлекеттик жана коомдук мекемелеринде, анын ичинде жалпы билим берүү уюмдарында жүзөгө ашырыла баштаган бул документтердин максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруу иш-аракетери 2023/2024-окуу жылында дагы актуалдуу болуп кала берет.



# Теманын актуалдуулугу:

2023/2024-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы «Манас» эпосун изилдөө жана популярдаштыруу боюнча жана **«Манас» — улут биримдиги жана ынтымагы»** маалымат өнөктүгүнүн концепциялары жөнүндө» № 65-токтомуна ылайык төмөнкү концепциялар жана иш-аракеттер пландары боюнча иш жүргүзүү сунушталат:

- «Манас» эпосун изилдөө жана популярдаштыруу боюнча концепция. *1-тиркеме.*
- «Манас» эпосун изилдөө жана популярдаштыруу боюнча концепцияны ишке ашыруу боюнча 2023–2027-жылдарга иш-чаралардын планы. *2-тиркеме*.
- «Манас» — улут биримдиги жана ынтымагы» маалымат өнөктүгүнүн концепциясы. *3-тиркеме.*
- «Манас» — улут биримдиги жана ынтымагы» маалымат өнөктүгүнүн концепциясын ишке ашыруу боюнча 2023–2027-жылдарга иш-чаралардын планы. *4-тиркеме*.

# Тарых предметин азыркы учурдагы ченемдик-укуктук базанын шартында окутуунун негизги маселелери:

Эң башкы маселе: ***заманбап сапаттуу жана натыйжалуу билим берүү.***

**Заманбап сапаттуу жана натыйжалуу билим берүүнүн милдеттери:**

**1. Ченемдик-укуктук документтерди өздөштүрүү, аларга талдоо жүргүзүү жана алардын милдеттүү талаптарын сабактык жана сабактан тышкаркы билим берүүдө аткаруу.**

**2. Окуучулардын функционалдык (иш-милдеттик) сабаттуулугун калыптандыруу.**

# Тарых предметин азыркы учурдагы ченемдик-укуктук базанын шартында окутуунун негизги маселелери:

## Функционалдык (иш-милдеттик) сабаттуулук деген эмне?

**Функционалдык (иш-милдеттик) сабаттуулук — адамдын (окуучунун) мектепте, кесиптик билим берүүчү атайын орто жана жогорку окуу жайларында ээ болгон билимдерин жашоо-турмушта колдоно билүүгө жөндөмдүүлүгү.**

**Функционалдык (иш-милдеттик) сабаттуулук — адамдын ар кандай ишмердүүлүк чөйрөлөрүндөгү, баарлашуудагы жана социалдык мамилелердеги, ар кандай турмуштук кырдаалдардагы иш-милдеттерди мүмкүн болушунча туура чече билүү үчүн үзгүлтүксүз түрдө ала турган билимдерин колдоно билүү жөндөмдүүлүгү.**



**Бүгүнкү глобалдашуу мезгилинде мугалим кесиптик жогорку билими менен эле чектелип калбастан, окутуунун жаңы ыкмаларын жана инновациялык педагогикалык технологияларды терең билиши зарыл.**

## Тарых предметин окутууда мугалим:

- окуучуларга адамзаттын алгачкы коомдон тартып бүгүнкү күнгө чейин басып өткөн жолу жөнүндө билимдерди бериши керек;
- тарыхый мисалдардын негизинде окуучулардын азыркы учурдагы көрүнүштөрдү жана окуяларды аңдап түшүнүү жөндөмүн калыптандырышы жана өнүктүрүшү керек;
- тарыхый тажрыйбаны, гуманизм жана патриотизм идеяларын аңдап түшүнүү жөндөмүн өнүктүрүүнүн натыйжасында окуучулардын баалуулук багыттарын жана ишенимдерин калыптандырууга тийиш;
- окуучулардын өз элинин, өз Ата Мекенинин жана дүйнө элдеринин маданиятына жана тарыхына болгон кызыгуусун жана урматтап-сыйлоо сезимин тарбиялоого тийиш.



**Учурдагы глобалдашуунун шартындагы «санариптик муунду», же «глобалдуу балдарды» окутуу — мектептик тарыхый билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири.**

## Тарыхты окутуу боюнча методикалык бирикмелердин кароосуна төмөнкүдөй иш-чаралар сунуш кылынат:

- **«Тарыхый билим берүү маселелери боюнча ченемдик-укуктук документтерди өздөштүрүү жана аларга талдоо жүргүзүү»;**
- **«Функционалдык (иш-милдеттик) сабаттуулук деген эмне?»;**
- **«Тарых предметин окутуунун технологиялары»;**
- **«Долбоордук окутуу технологиясы — окуучунун өз алдынчалыгын, демилгечилдигин жана чыгармачылыгын калыптандырууга көмөкчү»;**
- **«Тарых сабагын окутууда STREAM-технологиянын маанилүүлүгү» (КББАнын сайтында) ж.б.**





## Методикалык кеңештердеги тегерек отурумдардын сунушталган темалары:

- «Тарых предметин окутуунун заманбап өзгөчөлүктөрү»;
- «Профилге даярдоо жана профилдик окутуу».
- «Манас» — эл байлыгы, тил байлыгы» сынагына даярдык көрүү»
- «Манас» эпосу боюнча лекциялардан турган беш этаптуу тестирлөөгө даярдык көрүү».

## Мугалимдердин иш тажрыйба алмашуулары:

- Дүйнө жана Кыргызстан тарыхын окутуунун талаптарына ылайык 5–11-класстарда тарыхты окутуунун технологиялары жана методдору боюнча презентацияларды даярдоо жана аларды методикалык секцияларда талкуулоо.





## Тарых курсун (Дүйнө тарыхы, Кыргызстан тарыхы) окутуунун өзгөчөлүктөрү:

- **Бүгүнкү күндө тарыхты окутуунун максаттарын жана милдеттерин салттуу методдор менен гана жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес, ошондуктан мугалимдер тарыхый билим берүүнүн заманбап окутуу технологияларын, бир кыйла оптималдуу методдорун изденип өздөштүрүүлөрү зарыл.**

- **Мугалим тарыхый билимдерди сапаттуу жана натыйжалуу бериши үчүн темага жараша жана окуучуларды кызыктыруу үчүн колдоно турган окутуу технология-ларынын түрлөрү жана модулдук окутуу технологиясы тууралуу өткөн жылдагы методикалык сунуштарда берилген [«Кут Билим», 19.08.2022, № 3, 4-6.].**



Бул жолу ***дифференцирленген окутуу технологиясы*** жана ***долбоордук окутуу технологиясы*** боюнча маалыматтарды беребиз.

# Тарых курсун (Дүйнө тарыхы, Кыргызстан тарыхы) окутуунун өзгөчөлүктөрү:

**Окутууну дифференцирлөө** — *ар кандай жөндөмдүүлүктөгү окуучуларды бир тектүү (гомогендүү) топторго уюштуруу жолу менен окутуу үчүн максаттуу мүмкүнчүлүк түзүү.*

Бир класстын окуучуларынын **интеллектуалдык өнүгүү деңгээлдерине** жараша бөлүштүрүлүшү. Негизги баскычта, айрыкча 5–7(8)-класстарда, **көп деңгээлдүү окутуу** натыйжалуу болуп саналат.

Профилге даярдоодо жана профилдик окутууда (8(9)–11-класстарда) **тышкы дифференцирлеп окутуу технологиялары** колдонулат.







# Тарых курсун (Дүйнө тарыхы, Кыргызстан тарыхы) окутуунун өзгөчөлүктөрү:

Дифференцирлеп окутууда мугалим материалды айрым окуучуларга азыраак, айрымдарына көбүрөөк берүү менен эмес, бардык окуучуларга бирдей көлөмдөгү бир материалды сунуштоо менен, анын ар түрдүү деңгээлдердеги суроолорго жоопторду берүү аркылуу өздөштүрүлүшүн шарттайт.

Окуучуларды дифференцирлөөдө мугалим төмөнкүлөргө таянышы керек:

- ✓ окуучунун сабакты өздөштүрүү, өнүгүү деңгээли;
- ✓ окуучунун психикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү;
- ✓ окуучунун жеке өзгөчөлүктөрү;
- ✓ тигил же бул себептерден улам предметти өздөштүрүүгө жөндөмсүздүгү;
- ✓ окуучунун башка предметке кызыгуусу.

Дифференцирлеп окутуу класстык-сабактык системанын шарттарында бардык окуучулардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнүн ишке ашырылышын шарттайт. Бул учурда окутуу күчтүү окуучулар үчүн өздөштүрүлүп жаткан материалдын көлөмүн көбөйтүү, башкаларга азайтып коюу жолу менен эмес, **ар түрдүү деңгээлдердеги тапшырмаларды аткартуу** жолу менен жүрүшү керек. Мисалы:

## Ар түрдүү деңгээлдердеги тапшырмалар:

1. Тарыхый терминдерди билүү боюнча жат жазуулардын тексттерин түзүү.
2. Өздөштүрүлүп жаткан материал боюнча тапшыр-малардын карточкаларын түзүү.
3. Сабакта иштөө үчүн корутундулап жыйынтыктоочу таблицаларды түзүү.
4. Берилген тарыхый тема боюнча дилбаян же эссе жазуу.
5. Кошумча адабият менен иштөө.
6. Жеке тапшырмаларды берүү жана текшерүү.
7. Топтук иш боюнча кеңеш берүүчүнүн милдеттерин аткаруу.



Ошентип өтүлүп жаткан тема боюнча сабакты өздөштүрүүдөн кыйналган окуучулар дагы, жакшы окуган окуучулар дагы тапшырмаларды өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аткарышат.

Жыйынтыгында **ар бир окуучунун нерв системасынын бардык күчү сабакты өздөштүрүүгө жумшалат дагы, тапшырманы эч ким эч кандай кыйналбастан аткарат. Натыйжада сабакты окуучулардын баары тең базалык деңгээлде өздөштүрүшөт.**

Педагогикадагы ***инсанга багыттап окутуу технологияларынын*** приоритеттүү милдеттери — ***окуучунун интеллектин жана сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.***

Бул технологияларга **педагогикалык чеберчиликтер, модулдук окутуу технологиясы, долбоордук окутуу технологиясы** кирет.



Кыргыз жараны

*Мекеним менден башталат!*
*Родина начинается с меня!*

# Долбоордук окутуу технологиясы боюнча сунуш кылынган темалар:

## I. «Кыргыз жараны» концепциясынын алкагында:

1. «Ата Мекен алдындагы жарандык милдет»;
2. «Билим берүү системасынын глобалдашуу шартында жарандык-инсандык сапатты калыптандыруу»;
3. «Глобалдашуу шартындагы билим берүү: психологиялык аспектилери».

## II. «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепция» боюнча:

1. «Ар-намыс жана аброй, Мекенге жана элге кызмат кылуу — эң жогорку баалуулуктар»;
2. «Адилеттүүлүк, айкөлдүк, боорукердик жана кайрымдуулук — инсандын адеп-ахлактуулугунун негизи»;
3. «Үй-бүлө, таалим-тарбия жана билим — руханий адеп-ахлактык жана дене тарбиялык өнүгүүнүн өзөгү».



# Долбоордук окутуу технологиясы боюнча сунуш кылынган темалар:

**III. 2022–2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программа (КР Президентинин 2022.20.05 № 157 «Улуттук нарк жөнүндө» Жарлыгы) боюнча:**

1. «Кыргыздарда салттуу педагогикалык ойдун өнүгүшү»;
2. «Кыргыз этнографиясы»;
3. «Түрк дүйнөсү: Инсандык руханий маданият».

**IV. «Манас» эпосун изилдөө жана популярдаштыруу боюнча концепция жана «Манас» — улут биримдиги жана ынтымагы» маалымат өнөктүгүнүн концепциясы боюнча:**

1. «Манас» эпосунун кыргыздардын өзүн таануусундагы, маданияттын жана тилдин өнүгүшүндөгү ролу.
2. «Манас» эпосун өздөштүрүү, үйрөнүү жана ага тарыхый-маданий баа берүү.
3. «Улуттук наркты «Манастан» ал!» аттуу этномаданий фестиваль өткөрүү.



# Долбоордук окутуу технологиясы

**Долбоордук окутуу технологиясынын башкы максаты — окуучуларды чоңдордун кийлигишүүсүз чечимдерди таба билүүгө, жыйынтык чыгара билүүгө үйрөтүү.**

Мугалим болсо окуучуну шыктандырып жана туура багыт берип турат, керектүү маалыматтарды кайдан табууга боло тургандыгын айтып, түшүндүрүп берип турат. Долбоордук окутуу технологиясынын негизги принциптери: диалогдук баарлашуу, интеграциялык жана контексттик (мазмундук) маселени коюу жана аны чечүү.







# Долбоордук ишмердүүлүктү уюштуруунун негизги шарттары:

❖ **1. Мугалимдин адистик чеберчилиги,** анын долбоордук методиканын өзгөчөлүктөрүн билүүсү, долбоордук ишмердүүлүк процессинде окуучулардын билимин өстүрүүнүн кеңири мүмкүнчүлүктөрүн аңдап туюусу.

❖ **2. Окуучуларга долбоордук ишмердүүлүктүн технологияларын үйрөтүү:**

➢ максатты, милдеттерди **аныктай билүү, изилдөө предметин көрө билүү,** гипотезаны аныктоо, өз ишмердүүлүгүн жана жолдошторунукун да **пландай билүү.**

➢ Пландаштырылган иштти системалуу түрдө **так жана туура аткаруу көндүмүн калыптандыруу,** анткени бул долбоорду ишке ашыруу, анын максатына жетүү ишине катышкан окуучуларды **өнүктүрүп-өстүрүүнүн зарыл шарты** болуп саналат.

❖ **3. Окуучулардын долбоордук ишке катышууга умтулуусу;** предметтик жана жалпы окуулук интеллектуалдык билгичтик-тер боюнча билимдерге ээ болуу деңгээлдери.

❖ **4.** Мугалим менен окуучулардын долбоор боюнча жүргүзүлө баштаган **биргелешкен ишмердүүлүктү,** этаптары боюнча жетишилген **натыйжаларды** макулдашуу менен, **аягына чыгара бүткөрүү.**

❖ **5. Долбоордук ишмердүүлүктүн жүрүшү жөнүндө маалыматтын ачык-айкындыгы.**

Методикалык табылга!

# ДОЛБООРДУК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН МЕТОДИКАСЫ

**1.** Проблеманы тандоо, анын натыйжасынын турмуштук маанилүүлүгүн негиздөө.

**2.** Максаттарын жана этаптар боюнча милдеттерин аныктоо.

**3.** Иштин масштабын, максатка жетүүнүн методдорун жана каражаттарын, башка предметтер менен интеграциялануу алкактарын, болжолдуу кыйынчылыктарды, мөөнөтүн аныктоо, жалпы изилдөө ишин этаптарга бөлүштүрүү.

**4.** Долбоордун гипотезасын, ишке ашыруу идеяларын тастыктоо.

**5.** Долбоордук ишмердүүлүктү жүргүзө турган окуучуну же топту тактоо. Долбоордук ишмердүүлүктүн ар бир этабындагы милдеттерди тең укуктуулукта бөлүштүрүү. Катышуучулардын мотивациясы.

**6.** Долбоорду пландаштырууда анын жалпы моделин жана ал моделдин түзүмүн ойлонуштуруу. (Модель — долбоордун түпкү натыйжасынын шарттуу образы, схемасы.)

**7.** Долбоордун маалыматтык иштери — бюллетендерди чыгаруу үчүн жооптуу эки окуучуну дайындоо. Бюллетендерди жасалгалоонун негизги принциптерин, чыгаруу мезгилдүүлүгүн тактоо.

**8.** Мугалимдин талаптары.



**Долбоордук ишмердүүлүккө киришердин алдында «акыл чабуулун» уюштуруу зарыл, анткени «акыл чабуулунун» процессинде окуучулар үчүн кызыктуу жаңы проблемалар аныкталат.**

# «Акыл чабуулу» үчүн тапшырмалар:

***1. Махмуд Кашгари-Барскани кайсы кылымда жашаган?***

***2. Махмуд Кашгари-Барскани жашаган доор башка доорлордон эмнеси менен айырмаланат?***

***3. Махмуд Кашгари-Барскани түрк тилдеринин биринчи сөздүгүн түзгөн. Ал эмгек эмне деп аталат?***

***3. Махмуд Кашгари-Барскани түрк тилдүү дүйнөнүн биринчи картасын түзгөн. Ал карта эмне деп аталат?***







# Долбоордук ишмердүүлүктүн этаптары:





**4. Долбоорду аяктоо.**


**3. Долбоорду ишке ашыруу этабы.**

**2. Иштеп чыгуу этабы.**

**1. Баштапкы этап.**



# Долбоордук ишмердүүлүк процессинде





**окуучулар изденүү учурунда билимдерди синтездешет;**

**тектеш дисциплиналардын материалдарын интеграциялашат;**





**долбоордун максатын жана милдеттерин бир кыйла натыйжалуу жолдорун издешет;**



**бири-бири менен баарлашышат.**









# Шыктандыруу

## (мотивация)

❖ Окуучулардын долбоордук ишмердүүлүгү жөнүндө паралелльдик, мектептик, облустук, республикалык, эл аралык масштабдарда иш-чараларга катышуу — алардын беделинин жана демилгесинин артышына өбөлгө болот.

❖ Долбоордук изилдөө иштерин жүргүзүү — доор тууралуу кеңири маалымат алууга жана теманы өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

❖ Ошондой эле «эң мыкты» деген баа алууга да мүмкүнчүлүк берет.



# жыйынтыктап айтканда:

Тарыхый-коом таануучулук илимдер боюнча мектептик билим берүүнүн «2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү концепция-сынын» багыттарына жана аларды ишке ашыруунун ыкмаларына ылайык таалим-тарбиялык дарамети — Тарых курсун — Дүйнө тарыхын жана Кыргызстан тарыхын окутуунун олуттуу өзгөчөлүгү.





# Кызматташ болгонуңуздар үчүн терең ыраазычылыгымды билдирем!

